## Х.Жээнбаев мектеп-лицейи

# Ачык сабак

## *Тема : “Эл дөөлөтү-эне тил”.*

## Кыргыз  тили сабагы

**Мугалим :    Шабданова Н.Д.**

Сканировано с CamScanner

**21-февраль-Эл аралык эне тил күнү.**

Сабактын темасы: **“ Эл дөөлөтү- эне тил”**

Сабактын максаты:

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар кыргыз тилинин байыртадан бери келе жаткан уюткулуу тил экенинин түшүнөт. Эне тил улуттун мамлекет болуп сакталышына өбөлгө түзөт деп билишет.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Сүйлөө кебин арттырып, адабий тилдин нормасын сактоого, логикалык ойлорун өстүрүп, эне тилди даңтаган көркөм окууларды, макал- лакаптарды айтууга жетишет.

**Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар эли-жерин, тилибизди сүйүүгө, маданияттуулукка, тилдин тазалыгын, байлыгын сактоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Стандарттуу эмес сабак.

**Сабактын усулу:** сынчыл ойлдомдуу өстүрүү, интерактивдүү усул.

**Сабак аралык байланыш**: Кыргыз тили, адеп, тарых, музыка, түрк, орус.

**Сабактын жабдылышы**: Эне тили тууралуу макал-лакаптар, дубал газеталар , слайд.

**Сабактын жүрүшүү:**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни менен башталат.

**Алып баруучу Айпери:** Урматтуу бугунку аземдин катышуучулары! “ Эне тилсиз эл болбойт”, “Эне тили- эне сүтү менен тең”, -демекчи, эне тилибизди даңазалоо сабагын баштоого уруксат этиңиздер!

Элибизди эл кылып, улут катары таанытып келеаткан улуу белгибиз бул – эне тилибиз кыргыз тили. Манас улуу –кыргыз элдин желеги. Ата мурас акыл ойдун тереңи. Окуучулар “Манастан” үзүндү айтып беришет. Адилет, Айнагүл , Ибараттын аткаруусунда.

Келгиле, биргеликте дүйнөдө теңдеши жок алп “Манастай” дастандарды жараткан эне тилибиз жөнүндө ой бөлүшөлү кезекти “Эне тил” жөнүндө көркөм окууларга берели.

Элайым, Байрур, Байэл, Ынтымак, Нурбол, Амина, Элмырза, Ляна, Алтынай, Каныкей, Камила, Жибек, Аделя.

**Алып баруучу Нургиза:** Достор билесинерби эмне үчүн бүгүн эл арлык эне тил күнүн белгилеп жатабыз? Келгиле, чогуу бул багыттагы маалыматтарды угалы.

Сканировано с CamScanner

1- окуучу: 21-февраль- ЮНЕСКО тарабынан эл аралык эне тил күнү катары белгиленген.

Бул күн 1999- жылы Бириккен Улуттар уюмунун агартуу, илим жана маданият маселелери боюнча уюму-ЮНЕСКО тарабынан жарыяланып ошондон бери жыл сайын маданий жана тил байлыгын өркүндөтүү максатында белгиленип келе жатат. Кыргыз тили –кыргыздардын эне тили, түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Кыргыз тили 1924-1927-жыладары реформаланган араб алфавитинин негизиндеги, 1927-1941-жылдары латын алфавитинин негизиндеги жазууда болгон. 1935-жылы Кыргыз тилинин алфавитин кирилицага өткөрүү боюнча катуу талкуу жүрүп, 1941- жылдан тартып кирилица жазуу системасы колдонулууда. Жазуу системаларынын өзгөрүшү менен бирге кыргыз тилинин орфогафия эрежелери да улам такталып келе жатат.

**Адып баруучу:** Бүгүнкү күндө жоголуп кетүү коркунучунда турган тилдер да бар. Алар кайсы тилдер экен? Чогуу угалы

Нургиза

Азема

Аделя

**Алып баруучу:** Балдар, биздин эне тилибиз- кыргыз тилинин жагдайы кандай болду экен? Бул нерсе баарыбызды кабатыр кылат болуш керек. Көңүл бөлөлү.

Нурислам: Кыргыз коомчулугунда буга чейин кыргыз тили да ушундай жоголуп кетүү коркунучундагы тилдердин тизмесинде экен дегендей тынчсыздануулар айтылган. Бирок тиешелүү адистер муну чектке кагып бул маселе Кытайдагы Фү-ю кыргыздардын тилине байланыштуу чыкканын айтышкан.

**Алып баруучу:** Кылым сүргөн кыргыз тили,

Кызгалдактай гүлдөсүн.
Жайнап тамыр бутактарын,
Жаш арчадай бүрдөсүн.
Тоолуктардын өз тилинде,
Токтомдору токулсун.
Ата-журттун эне тили,
Аралашсын турмушка.
Кыргыз кыздар кыз калдактай,
Кырыгыз бийин бийлешсин.

Асема “кыргыз бий”

Сканировано с CamScanner

Аяна тил жөнүндө маалымат.

**Алып баруучу:**

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,

Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.

Опоңой, көргөн көзгө жөп жөнөкөй,

Бирок да өнөрү бар, айтып болгус.

Күү " Ибарат" Адилеттин аткаруусунда

**Алып баруучу:** Айперинин тил жөнүндө маалыматы.

**Алып баруучу**: Келгиле анда эмесе, кезекти акыйнекке берели. ( Нургиза, Акбийке, Санира, Айнагүл, Перизат, Малика).

**Алып баруучу:** Анда эмесе, кезекти сөз каймактарына берели. Эне тил туралуу айтылган макал лакаптар, накыл кептер.

1. Тил тагдыры- эл тагдыры

2. Элсиз тил болбойт, Эне тилсиз эл болбойт.

3. Ата сөзү алга сүрөйт адамды,

Эне сөзү эпке салат жаманды.

4. Ооздун көркү-тил,

Тилдин көркү-сөз.

**Алып баруучу:** Кандай сонун макалдарды уктук, эми кезекти ырга бербейлиби, Айпери кандай дейсин? Абдан жакшы анда Албандын ырына кулак салалы. "Энекем"

**Алып баруучу:** Балдар келгиле жаңылмач айтышып көрбөйлүбү?

**1**. Казандагы кырмычык,

Кырып жедим тырмышып.

Ылдый түштүм жылмышып,

Өйдө чыктым тыпмышып.

Сканировано с CamScanner

**2.** Апал сулуубу? Үсөн улүүбу?

Үпөл сулуубу?

**3**. Ай, Айдарбай!

Кызыл мүйүз уйдуңду,

Үйүңө айдай бар.

**4**. Маң –маң кашка коюм,

Бешөө-беш кашка коюм.

Тиши ушак коюм

Буту тушак коюм.

**Алып баруучу:** Эми кыздардын аткаруусундагы бийге көнүл бөлөлү.

**Алып баруучу:** Туура айтасыңар, достор. " Адамдын эне тили- анын жан тамыры" – дегендей жан дүнөдөгү ой тизмектерин эне тилибиз аркылуу билдирип жүрөлү.

**Мугалимдин сөзү**: Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов " Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет" – деп айткандай, эне тилибиз- кыргыз тили нечедеген кылымдар бою жашап келеген, жашап жатат жашай бермекчи!

Бар бол кыргыз элим!

Бар бол эне тилим- кыргыз тили! ( жалпы айтабыз)

Баалоо.

Үй тапшырма. Эссе

Сабак Кыргыз Республикасынын Гимн менен аяктайт.

Сканировано с CamScanner